КЫИ
2007-185

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

(И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ - ТЕҢ УЮШТУРУУЧУ)

Д 13.06.331 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Кол жазма укугунда
УДК 371. 3: 894. 341

Эшиев Жаркул Абдимиталипович

# МЕКТЕПТЕРДЕ ПОЭМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ
## (V—VII класстардын мисалында)

13.00.02. - окутуунун теориясы жана методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын
**а в т о р е ф е р а т ы**

Бишкек - 2007

**Диссертация Жалалабат мамлекеттик университетинин кыргыз жана чет элдер адабияты кафедрасында аткарылган.**

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Ишекеев Н.И.

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Жумажанова Т.К.; педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Муратов А.Ж.

**Жетектөөчү мекеме:** Ош Мамлекеттик университетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасы.

Диссертация 2007-жылы 21-сентябрда саат 16.00дө Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы (И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университети — тең уюштуруучу) педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.06.331 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспекти, 25.

Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат ______________________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер Ибраева Н.И.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Соңку учурда адамзат улам жаңы илим жана техникага көбүрөөк туш келип, замандын агымы инсандар ортосундагы бетме-бет мамилени алыстатып, компьютер, телевизор, видео менен жакындаткан сайын адамдардын рухий дүйнөсүндө жакырчылык көбүрөөк байкалып жаткандыгы кайра-кайра айтылууда. Адамдар ааламдаштыруу жараянына өзүнүн улуттук маданиятын, өткөндөн келе жаткан салттарын, кылымдар бою түзүлүп, калыптанып, элди тарбиялап келген нускалуу дөөлөттөрүн каршы коюшу керек. Мына ошол процессте жаштарды окутууда, тарбиялоодо улам кеңири майданда каптап келе жаткан массалык маданияттын курмандыгы болуп кетпеш үчүн мектепте үйрөнүлүүчү адабият сабагынын ролу өзгөчө чоң.

Бүгүнкү күндө кыргыз улуту кандайдыр бир дүйнөлүк шериктештикке кирип, алыс-жакын элдердин оң-терс жактарын өздөрүнө ылгап да, иргебей да алып жатса, ошол эле кезде бул жараянда алар ар кандай идеологиялардын, саясий, диний агымдардын "чабуулуна" туш келишүүдө. Мындай учурда мурдагы кеңеш мезгилиндегидей күчтүү идеология болбосо, азыркы жаштардын аң-сезиминдеги боштукту башкалар «толтуруп», аларды ар кандай жолго тартып кетиши мүмкүн. Ушундай чакта кыргыз элинин этникалык тарбиялоо салттары жана улуттук маданияты, анын ичинде эне тили, адабияты өз милдетин өтөлгөлүү өтөп бере алчу күчкө ээ.

Рухий көрөңгөнү окуучунун жүрөгүндө, дилинде түнөтүү үчүн сөз өнөрүн мурдагыдай шаблондуу жол менен окута бербей, аны азыркы учурда дүйнөлүк дидактика, педагогика, психология, филология, эстетика, этнопедагогика сунуш кылган, мектеп практикасында тастыктоодон өткөн методдордун оптималдуу айкашуусу аркылуу үйрөтүү, тарбиялоо зарыл. Эң башкысы кыргыз окуучусунун менталитетине жана психологиясына алгылыктуу, жугумдуу *технологиялар менен окутуу процессин уюштуруу мезгил талабы* болуп эсептелет.

Ушул өңүттөн алып караганда адабият сабагы, анын ичинде поэзияны окутуу - окуучулардын поэтикалык дүйнөсүн, эстетикалык табитин арттырууда, массалык маданиятка каршы туруу сезимдерин өстүрүүдө, рухий дүйнөсүн байытууда, ыймандуулукка жана эмгекке тарбиялоодо, эне тилине болгон сүйүүсүн өнүктүрүүдө өзгөчө

**Диссертация Жалалабат мамлекеттик университетинин кыргыз жана чет элдер адабияты кафедрасында аткарылган.**

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Ишекеев Н.И.

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Жумажанова Т.К.; педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Муратов А.Ж.

**Жетектөөчү мекеме:** Ош Мамлекеттик университетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасы.

Диссертация 2007-жылы 21-сентябрда саат 16.00дө Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы (И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университети — тең уюштуруучу) педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.06.331 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспекти, 25.

Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат ______________________________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер Ибраева Н.И.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Соңку учурда адамзат улам жаңы илим жана техникага көбүрөөк туш келип, замандын агымы инсандар ортосундагы бетме-бет мамилени алыстатып, компьютер, телевизор, видео менен жакындаткан сайын адамдардын рухий дүйнөсүндө жакырчылык көбүрөөк байкалып жаткандыгы кайра-кайра айтылууда. Адамдар ааламдаштыруу жараянына өзүнүн улуттук маданиятын, өткөндөн келе жаткан салттарын, кылымдар бою түзүлүп, калыптанып, элди тарбиялап келген нускалуу дөөлөттөрүн каршы коюшу керек. Мына ошол процессте жаштарды окутууда, тарбиялоодо улам кеңири майданда каптап келе жаткан массалык маданияттын курмандыгы болуп кетпеш үчүн мектепте үйрөнүлүүчү адабият сабагынын ролу өзгөчө чоң.

Бүгүнкү күндө кыргыз улуту кандайдыр бир дүйнөлүк шериктештикке кирип, алыс-жакын элдердин оң-терс жактарын өздөрүнө ылгап да, иргебей да алып жатса, ошол эле кезде бул жараянда алар ар кандай идеологиялардын, саясий, диний агымдардын "чабуулуна" туш келишүүдө. Мындай учурда мурдагы кеңеш мезгилиндегидей күчтүү идеология болбосо, азыркы жаштардын аң-сезиминдеги боштукту башкалар «толтуруп», аларды ар кандай жолго тартып кетиши мүмкүн. Ушундай чакта кыргыз элинин этникалык тарбиялоо салттары жана улуттук маданияты, анын ичинде эне тили, адабияты өз милдетин өтөлгөлүү өтөп бере алчу күчкө ээ.

Рухий көрөңгөнү окуучунун жүрөгүндө, дилинде түнөтүү үчүн сөз өнөрүн мурдагыдай шаблондуу жол менен окута бербей, аны азыркы учурда дүйнөлүк дидактика, педагогика, психология, филология, эстетика, этнопедагогика сунуш кылган, мектеп практикасында тастыктоодон өткөн методдордун оптималдуу айкашуусу аркылуу үйрөтүү, тарбиялоо зарыл. Эң башкысы кыргыз окуучусунун менталитетине жана психологиясына алгылыктуу, жугумдуу технологиялар менен окутуу процессин уюштуруу мезгил талабы болуп эсептелет.

Ушул өңүттөн алып караганда адабият сабагы, анын ичинде поэзияны окутуу - окуучулардын поэтикалык дүйнөсүн, эстетикалык табитин арттырууда, массалык маданиятка каршы туруу сезимдерин өстүрүүдө, рухий дүйнөсүн байытууда, ыймандуулукка жана эмгекке тарбиялоодо, эне тилине болгон сүйүүсүн өнүктүрүүдө өзгөчө

маанилүү предмет. Азыркы технологиялардын, маалыматтардын өнүккөн кылымында гумандаштыруу проблемасы актуалдуу бойдон калууда. Бул жагынан алганда адабият сабагы гуманитардык дарстардын көчбашы катары алдыңкы планда тургандыгы талашсыз.

Биз мына ошол адабият сабагында кыргыз поэмаларын окутуу маселесин изилдөөгө алдык. Поэмаларды окутуу боюнча атайын усулдук эмгектердин жазылбагандыгы, окуу программасына соңку кезде бир топ поэмалардын жаңыдан кошулгандыгы, ыр формасындагы көлөмдүү чыгармаларды кабыл алуудагы окуучулардын кыйынчылыктары, мектепте үйрөнүлүп жаткан поэмалардын мазмундук, тематикалык, стилдик ар түрдүүлүгүнө жараша окутуунун көп варианттуу комплекстеринин иштелип чыкпагандыгы аталган проблеманын методикалык системасын түзүүнүн зарылдыгын айкындайт. Мына ушундай жагдайлар биздин изилдөөбүздүн актуалдуулугун шарттады.

**Изилдөөнүн проблемалуулугу.** Поэмаларды окутуу кыргыз адабиятын окутуунун тарыхында эң узак убакытты камтыса да, поэмалар бардык класстарда бир топ саат менен окутулуп жатса да аларды үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү, бирдиктүү ыкмалары иштелип чыкпагандыгы, поэмаларды салыштырып жана жакындатып үйрөнүүнүн методикасы түзүлбөгөндүгү жана илимий эксперименттен өткөрүлбөгөндүгү бул теманын проблемалуулугун шарттайт.

**Маселенин иштелип чыгыш деңгээли.** Орус (Ф.И.Буслаев, В.И.Водовозов, В.Я.Стоюнин, В.П.Острогорский, Н.М.Соколов, М.А.Рыбникова, Л.С.Троицкий, В.В.Голубков, Я.А.Роткович, Г.А.Гуковский, А.И.Ревякин, В.Р.Шербина, Н.И.Кудряшев, Н.В.Колокольцев, Н.Л.Молдовская, А.М.Докусов, В.А.Никольский, Н.О.Корст, С.А. Смирнов, А.А.Липаев, З.Я.Рез ж.б.) жана түрк тилдүү адабияттардын методикасында (Ж.Ахмедов, А.Зуннунов, Ш.Микаилов, А.Кошимбаев, А.Карабаглы, О.Язымов, А.Мураддурдыев, Т.Жумажанова, Ж.Эсенов ж.б.) лирикалык чыгармаларды үйрөтүүнүн теориясы жана усулдары ар кандай деңгээлде жалпылаштырылган.

Ал эми кыргыз поэмалары ортоңку класстарда бир топ арбын берилсе да аларды жалпы билим берүүчү мектептерде үйрөтүү боюнча методикалык өңүттө илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн жок. Бул багытта монографиялар да, методикалык колдонмолор да, диссертациялык изилдөөлөр да жазылбады. Бирок, кыргыз поэмаларын окутуу боюнча илимий-методикалык билимдер дың



бойдон турат деп айтууга болбойт. Кыргыз адабиятын окутуунун теориясына жана методикасына арналган айрым эмгектерде поэмаларды окутуу тууралуу ойлор айтылып келген. К.Иманалиевдин "Кыргыз адабиятын окутуунун жолдору" (1966), «Методика преподавания кыргызской литературы в средней школе» (1972), "Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери" (1973), "Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы" (1976), "Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши" (1981), "Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери" (1984), Б.Алымовдун "А. Токомбаевдин чыгармачылыгын мектепте окутуу" (1965), "Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери" (1972), "Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы" (1981), "Мектеп сочинениеси" (1982), "Биздин адабиятты 7-класста окутуу" (1983), "Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы" (1984) аттуу китептеринде поэмаларды окутуу тууралуу методикалык сунуштар, айрым бир жалпылоолор берилет. Н.Ишекеев «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы» (1994) деген эмгегинде окуу предметин үйрөтүүнүн жана методикасынын эволюциясын диахрондуу негизде изилдөө менен поэма жанрындагы чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги жана жеке дидактикадагы жалпы абалына тарыхый экскурс жасайт. Булардан тышкары А.Токомбаевдин (Б.Алымов), Ч.Айтматовдун (К.Момбеков, А.Мамбеталиев, А.Муратов, И.Исамидинов, Б.Байсабаев), Б.Алыкуловдун (Г.Галиева), М.Элебаевдин (К.Сабаева), Т.Сатылгановдун (З.Усубалиев), А.Осмоновдун (Т.Мусамбетов) өмүрү, чыгармаларын мектепте окутууга арналган изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардын негизинде китептер чыкты. Ошондой эле Т.Молдогазиев, С.Батаканова, Ү.Култаева, С.Момуналиев, Д.Саалиева, Б.Оторбаев, А.Турдукулов, Ж.Уразова, К.Кенжешов, О.Шаимкулов жактаган методикалык диссертацияларына ылайыктуу эмгектерин жарыялады. Буларда да биздин тема боюнча бир катар ойлор айтылган. Бирок булардын баарында тең поэмаларды окутуунун теориясы жана методикасы атайын изилдөөгө алынган эмес. Мектеп тажрыйбасында поэмаларды окутуу боюнча мугалимдер олуттуу жардамга муктаж жана ушул муктаждык бизди ушундай теманы изилдөөгө түрткү берди.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз мектептеринде поэма жанрындагы чыгармаларды окутуунун системасын илимий-методикалык жактан

негиздөө, аларды мектепте пайдалануунун натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси.** Адабият сабагында поэмаларды окутуу.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз адабияты сабагында үйрөтүлүүчү поэмалардын мазмуну жана системасы, аларды үйрөтүүнүн методикалык ыкмалары жана мүмкүнчүлүктөрү.

**Диссертациянын милдеттери:**

V-VII класстарда поэмаларды окутуунун тарыхын, учурдагы абалын жана келечек багыттарын аныктоо;

тема боюнча философия, эстетика, адабият таануу, лингвистика, методика багытындагы изилдөөлөрдү талдоо жана аларды илимий иште колдонуу;

проблема боюнча мектеп практикасында учураган кемчилдиктердин себептерин үйрөнүү аркылуу аларды жоюунун амалдарын табуу;

адабияттык окуу сабагында поэмаларды окутуунун натыйжалуу мазмундарын, ыңгайлуу методдорун, ыкмаларын жана системасын сунуш этүү;

айтылган ой-корутундуларды аныктоо үчүн илимий-педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык мааниси.** Диссертацияда эң алгачкы жолу V—VII класстарда поэма жанрындагы чыгармалардын окуу программаларындагы жана окуу китептериндеги орду, ролу диахрондуу иликтөөгө алынды жана өркүндөтүүнүн жолдору далилденди; биринчи жолу адабияттык окуу курсунда поэмаларды окутуунун илимий жана теориялык негиздери иштелип чыкты; поэма жанрындагы чыгармаларды мектепте үйрөтүүнүн синхрондуу адабий жана педагогикалык проблемалары системага салынды.

**Практикалык мааниси.** Изилдөөдө сунуш кылган пикирлер адабият боюнча окуу программаларын, окуу китептерин түзүүчүлөргө, окуу-методикалык комплекстерди жазуучу авторлорго, кыргыз адабияты боюнча педагогикалык процессти уюштуруучу мугалимдерге керек.

**Изилдөөнүн методологиялык-теориялык негиздери** - философиялык-эстетикалык ойлор; таанып-билүүнүн диалектикалык окуулары; педагогика-психология, маданият таануу, адабият таануу, адабиятты окутуунун теориясы жана методикасы боюнча эмгектер, "Билим берүү жөнүндө" мыйзам, Президенттин жана Өкмөттүн билим тармагы боюнча концепциялары жана "Адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандарты", "Кыргыз адабиятынын программасы" ж.б.

Жогорудагыдай методологиялык булактарга таяныч кылуу аркылуу алдыга койгон максат-милдетти аткаруу жана аларды илимий жактан далилдөө үчүн төмөнкүдөй **методдорду** пайдаландык: ***Теориялык:*** философия, эстетика, адабият таануу, психология, педагогика жана адабиятты окутуу методикасы илимдеринин концепцияларына теориялык жактан баа берүү, колдонуу. ***Социологиялык-педагогикалык:*** сочинение, изложение, эссе сыяктуу окуучулардын чыгармаларын талдоо, оозеки жоопторун карап, иштеп чыгуу, мугалимдердин сабактарын үйрөнүү; мугалимдерге жана окуучуларга анкета таратып, алардын жыйынтыгын алуу, аңгемелешүү; программаларды, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду үйрөнүү. педагогикалык экспериментти уюштуруу жана өткөрүү.

**Изилдөөнүн этаптары.** Биз тандаган тема боюнча изилдөө 1985-2005-жылдарда үч этапта жүргүзүлүп, эксперименттик база катары Жалалабат областынын Ноокен районундагы №18-М.Момуналиев атындагы орто мектеби (мугалими Ч.Алиева), №32-"Жеңиш" орто мектеби (мугалими Э.Каипов), №26-"Достук" орто мектеби (мугалими Р.Досматова), №20-Матмуса орто мектеби (мугалими А.Толубаев), №24-О.Каипов орто мектеби (Ж.Эшиев), №33-"Курама" орто мектеби (мугалими Т.Туялиев), Сузак районундагы "Таштак" мектеп-гимназиясы (мугалими Ж.Авазов), Алабука районундагы 1-Май орто мектеби (мугалими А.Шарипбаев), Жалалабат шаарындагы №4-мектеп-гимназия (мугалими Г.Мамытова), Ош областынын Өзгөн районундагы №42-"Эркинтоо" орто мектеби (мугалими К.Болотбеков) тандалып алынды жана атайын максатта илимий-практикалык сынактан өткөрүлдү. *Биринчи этап /1985-1994/.* Жалалабат областынын Ноокен районунун Матмуса атындагы орто мектебинде мугалим, директордун окуу-тарбиялык иштер боюнча орунбасары кызматтарында иштөө менен көркөм адабий чыгармаларды талдоо, кабыл алуу, аларды окуучуларга жеткирүү боюнча жалпы абал үйрөнүлдү, мугалимдердин жүздөгөн сабактарына катышып, алардын тажрыйбалары жыйынтыкталды, окуучулардын адабий билиминин жалпы мониторинги түзүлдү, тема аныкталды, ага алгачкы, али илимий сынактан өтпөгөн маалыматтар топтоло баштады. №24-

Ө.Каипов атындыгы орто мектебинде атайын максаттуу түрдө илимий изилдөө жүргүзүлүп, теманын ички маселелерине тереңдеп кирүү аркылуу эксперименттер үчүн суроо-тапшырмалар таратылды, алардын эң алгачкы натыйжалары талдоодон өткөрүлдү. Бул мезгилде тема боюнча жалпы проблемалардын объективдүү жана субъективдүү себептери үйрөнүлдү. *Үчүнчү этапта /1999-2005/* Мурда кабыл алынган теориялык ой корутундулардын тууралыгына акыр аягына чейин ынануу үчүн эксперименттик иштерибизди кайрадан бир жолу текшерүүдөн өткөрдүк, айрым күдүктөнгөн учурларды тактадык, соңку жаңылыктарды коштук, жалпы жыйынтык чыгардык.

Диссертацияда **коргоо үчүн төмөндөгүдөй негизги жоболор** коюлат: V-VII класстарда поэмаларды окуп үйрөнүүнүн өзгөчөлүктөрү жана жалпылыктары, тарыхый логикасы, учурдагы абалы, проблемалары; ортоңку класстарда поэмаларды окуучуларга жеткирүүнүн натыйжалуу ыкмалары жана жолдору; поэмаларды мектепте талдоонун: адабий-филологиялык, педагогикалык-психологиялык негиздери; талдоого алынган чыгармаларды окутууда системалуулукка келүүнүн шарттары жана натыйжалары; бул проблеманы мындан ары өркүндөтүүнүн жолдору.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо:** Тема боюнча ЖаМУнун студенттерине, мектеп мугалимдерине окуган лекцияларда, практикалык-семинардык сабактарда; окуу жайдын ар кандай деңгээлдеги кеңешмелеринде, окумуштуулар кеңешинин, редакциялык кеңештин талкууларында, ички жана тышкы рецензияларда; Жалалабат облусунун окуучулары үчүн олимпиаданын катышуучуларына ылайыкталган суроо-тапшырмаларды, тесттин суроолорун түзүүдө; тема боюнча жазылган илимий макалаларда; мугалимдик жана окутуучулук ишмердүүлүгүбүздө биздин практикалык тастыктоолордун, илимий концепциялардын, теориялык пикирлердин тууралыгы жана таяныч методологиябыздын ишенимдүүлүгү аныкталды.

Диссертациялык иштин **негизги курамы** киришүүдөн, эки главадан жана алардан келип чыккан ой-корутундулардан, библиографиядан турат.

**Киришүүдө** илимий ишке жалпы мүнөздөмө, иликтөөгө алынган теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу, изилдениш тарыхы, учурдагы абалы, максаты, объектиси, предмети, милдети, илимий



жаңылыгы, практикалык мааниси, методологиялык негизи, методдору, эсперименттик тажрыйбанын этаптары, негизги жоболору берилет.

**1-глава «Адабияттык окуу курсунда кыргыз поэмаларын окутуунун тарыхы жана жалпы өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, мында поэмалардын окуу программаларынан, окуу китептеринен орун алышынын тарыхы, бүгүнкү абалы, бул жанрдагы чыгармаларды окутуунун жалпы өзгөчөлүктөрү илимий анализге алынат жана өркүндөтүүнүн жолдору көрсөтүлөт.

**2-глава «V—VII класстарда поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери»** деп аталып, ар түрдүү тематикадагы поэмаларды окутуунун теориясы жана методикасы иштелип чыккан. Ушул эле главада педагогикалык эксперименттин уюштурулушу жана жыйынтыгы көрсөтүлөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертацияда адабияттык окуу сабактарында кыргыз поэмаларын окутуунун тарыхы жана жалпы өзгөчөлүктөрү баяндалат. Жанрдык бөтөнчөлүктөрүнө карап, поэмаларды окутуунун мүмкүнчүлүктөрү, адабият сабагында эске алынбаса, анын идеялык-эстетикалык баалуулуктары окуучуларга толук жетпей калат.

Биринчи өзгөчөлүк, поэма дегенде окуучулардын көпчүлүгү, мугалимдер да аны ыр түрүндөгү чыгарма катары түшүнүп, лирика деп кабыл алат. Бул - туура эмес көз караш. Анткени поэмаларда эпикалуулук, драмалуулук да болот. Поэмалар жалаң гана лиризмден турбайт. Демек поэмаларды үйрөтүүдө адабий тегине жана түрүнө карап, лирикалыкпы, эпикалыкпы, драмалыкпы, мына ушул жагын эске алуу зарыл. Ар бир жаңы поэма өтүлөрдө анын тегин жана түрүн аныктап алган оң. Мисалы, А.Осмоновдун «Жеңишбек», М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасын үйрөтүүдө лирикалык поэма, Т.Үмөталиевдин «Кубат», А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасын окутуунун алдында эпикалык поэма тууралуу түшүнүк берилет. Окуучулар менен иштөөдө дагы бир орчундуу маселеге көңүл буруу зарыл. Поэмалардын, айталык, лирикалык же эпикалык тектеринде да башка формалык белгилердин аралашып келе бериши мүнөздүү. Мисалы, кыргыз адабиятында лиро-эпикалык поэмалар кеңири учурайт.

Экинчи бир өзгөчөлүк - ортоңку класстарда окуп-үйрөнүлүүчү чыгармалардын ичинде фольклордук, төкмөлүк жана профессионалдык адабияттын өкүлдөрү чыгарган же автор болгон поэмалардын орун алгандыгы. Демек, мындай материалдарды талдоо процессинде элдик оозеки чыгармаларды да, акындар поэзиясында, жазма адабияттында да окуп-үйрөнүүнүн ыкмалары аркылуу спецификалуу мамиле кылганыбыз оң. Үчүнчү өзгөчөлүк, поэмалар ыр формасында, б.а. поэтикалык формада болот. Мына ошого карап, аны ырды окутуунун усулдары менен талдаган эп. Ыр түзүлүшүн талдоо, анын ичинен ыргак, уйкаш, куплеттерин анализдөө, анын поэтикалык каражаттарын бөлүп көрсөтүү сабак процессинде өзгөчө чоң мааниге ээ. Төртүнчү өзгөчөлүк, мектеп программасындагы сунуш кылынган поэмалар окуу китептерине дээрлик үзүндү түрүндө берилет. Бул дагы окуучулар үчүн чыгарманы бүкүлү (целостное) кабыл алууга кыйынчылык жаратат. Ошондуктан окуучулук кабыл алуунун толуктугун камсыз кылуунун мүмкүндүктөрүн издөө зарыл. Бешинчи өзгөчөлүк, мектеп окуучуларынын көпчүлүгү башталгыч класстардан чакан гана 4-5 куплеттен турган лирикалык формадагы ырлар менен таанышууга көнгөндүктөн, алар V-VII класстарда ири ырларды (поэмаларды) кабыл алууда бир топ кыйынчылыктарга кез келет. Конкреттештирип айтканда, поэмалардагы сюжет жана композициянын лирикалык ырларга караганда татаалдыгы, ыр түрүндөгү тексттин чубалжып узун болгондугу баланын кабыл алуусун бир топ татаалдатат. Төмөнкү класстарда жомокторду кара сөз түрүндө угуп жана окуп келген ортоңку класстын окуучусу үчүн эми ошондой эле жомокту поэма түрүндө окуп чыгуу машакаттуу болот. Демек, мугалим поэмаларды окутууда өйдөкүдөй өзгөчөлүктү эске алууга тийиш.

Азыркы учурда поэтикалык чыгармаларды окутууда дагы бир проблема бар. Мектеп практикасында өзүбүз байкагандай жана эксперименттик класстардын натыйжалары көрсөткөндөй, соңку жылдарда окуучулардын ыр түрүндөгү чыгармаларга кызыгуусу кескин басаңдап кеткен. Мунун себептери фольклордон алыстап калгандыгыбыз; массалык-маалымат каражаттарында поэтикалык чыгармаларды аз жарыялагандык; айыл аралап келген артисттердин репертуарынан ырды көркөм окууну укпагандык; ыр китептеринин дээрлик чыкпай калышы, эскилерин табуунунун кыйындыгы; төкмө акындардын азайгандыгы, болгондорунун да эл аралабагандыгы; массалык маданияттын поэзиядан башка формаларынын балдарга тийгизген таасиринин өтө активдешип кетиши ж.б. Ушул көрүнүштөр мектепте поэмаларды окуучулардын кабыл алуусуна бир топ психологиялык тоскоолдуктарды алып келүүдө.

Диссертацияда кыргыз поэмаларын окутуу практикасына тарыхый планда талдоо жүргүзүлөт. Адабият окутула баштагандан эле элдик поэмалар, төкмө акындардын поэма жанрындагы чыгармалары киргизилип, 30-жылдарда бул жанр кеңири окутула баштаган (А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, Т.Үмөталиев ж.б.). Согуш бүткөн жылдары окуучулардын адабий билимдеринин калыптанышында А.Осмоновдун поэмаларынын ролу өзгөчө зор болгон. Акын чакан лирикалык поэмалары менен кыргыз адабиятын окутууну бир кадам алдыга жылдырган. Азыркы программада ар түрдүү тематикадагы (эски заман, тарыхый, революциялык, сүйүү, согуш ж.б.), ар түрдүү формадагы, стилдеги (лирикалык, эпикалык, лиро-эпикалык) поэмалар окутулуп жатат. Бирок, кыргыз поэмаларын

окуу программасына киргизүүдө бир топ жылыштар болгону менен айрым бир мыкты поэмаларды, айталык, С.Эралиевдин «Ак Мөөр», «Жаңыл Мырзанын керээзи», «Жылдыздарга саякат», Т.Байзаковдун «Паризат», С.Жусуевдин «Курманжан датка», Ж.Абдыкалыковдун «Ак толкундар», О.Султановдун «Сен жөнүндө поэма» деген чыгармалары окулбай келет. Ошондой эле, А.Рыскулов, Э.Эрматов, Т.Муканов, С.Акматбекова өңдүү акындардын айтылуу поэмаларын окутуунун адабий-педагогикалык мүмкүндүктөрүн издөө актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

V-VII класстардын окуу китептеринде кыргыз поэмаларынын берилиши жана аны өркүндөтүүнүн жолдоруна диссертацияда талдоо жүргүзүлөт. Бул багыттагы абалды өркүндөтүү үчүн окуу программаларын жана китептерин түзүүчүлөргө төмөнкүдөй сунуштарды киргизебиз: поэмалар мүмкүн болсо окуулук-хрестоматияларга толук киргизилсе; өтө көлөмдүү поэмалар, эгер бүтүн бойдон берүүгө мүмкүн болбосо, анда адаптациялоодо чыгарманын өзөктүү окуясы, башкы каармандардын ортосундагы конфликтилерди, идеялык жүктү көтөргөн мазмундарды өтө билгичтик менен тандап алуу ишке ашырылса; поэманын окуулук-хрестоматияда берилбеген учурларынын кыска мазмуну карасөз түрүндө жазылса; методикалык аппараттарды уюштурууда ар бир поэманын тектик, түрдүк, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө ылайык суроо-тапшырмалар ж.б. кылдаттык менен иштелсе; ар бир поэманын жазылыш тарыхы, конкреттүү акындын чыгармачылыгындагы, жалпы улуттук адабияттагы ошол көркөм материалдын ээлеген орду так көрсөтүлсө; поэма тууралуу адабиятчылардын, сынчылардын пикирлери поэмалардын поэтикалык нарк-насилин ачуу максатында рационалдуу жайгаштырылса; поэмаларды талдоодо алардын ыр курулушуна (ыргак, уйкаштык, куплет ж.б.) жана көркөм сөз каражаттарына олуттуу маани берилсе; поэмаларды тарыхый учур, элдин башынан өткөн тагдыры менен байланыштырууга айрыкча көңүл бурулса.

Диссертацияда V-VII класстарда поэмаларды окутуунун негиздери иштелген уламыштардын негизинде жазылган поэмаларды окутуунун мазмунун жана текстин талдоонун методикасы ар тараптуу изилденген. «Толубай сынчы» поэмасын окутуу процессинде мугалим аттап өтүп кетүүгө мүмкүн болбогон нерсе бул - көркөм окуу. Көркөм окууну уюштурууда төмөнкүдөй талаптар эске алынат: кандай сүйлөсөң, так ошондой үн менен окуу; текстти окуп жатканда тыныш



белгилерин сактоо аркылуу окуу; чыгармадагы каармандардын айткандарын окуганда өз үнүң менен эмес, ошол кишилердин үнүн таап окуу; сөздөрдү так, даана айтып окуу; текстти окуганда окуяга карата үндүн ыргагын бийиктете да, акырындата да окуу; класстагы бардык окуучуларга угулгудай кылып, уккулуктуу үн менен окуу; текстти окуганда чыгармадагы окуяны көз алдыга элестетип окуу; каармандардын өңү-түсүн, кийим-кечесин образдуу ачып окуу ж.б.

Мына ушулардын баарын бир убакта аткаруу талабы же айрымдарына өзгөчө көңүл буруу менен окутуу тапшырмалары берилет. Көркөм окуудан тышкары сабакта чыгарманы терең өздөштүрүү үчүн "Толубай сынчы" поэмасынын сюжетин текстине жакындатып айтуу ыкмасы чоң мааниге ээ. Анын төмөнкүдөй бөлүкчөлөрү натыйжалуу экендиги биздин изилдөөлөрдө аныкталды: салттуу бул ыкмада бир окуучу поэманын сюжетинин кайсыл бир өзөктүү бөлүгүн бүт окуучуларга айтып берет, айтылбай кеткен жерин экинчи, үчүнчү окуучулар улам толуктап отурат. Толуктоо технологиясында автордук сюжет бекем сакталат да, окуучу өзүнчө оргиналдуу жаңы окуя кошууга акысыз болот. Ушундай эле ыкма, бирок сюжетке окуучулар жаңы окуя кошуу ыкмасы да бир топ кызыктуу. Мында айрым эпизоддор таптакыр өзгөрүп, жаңыланып кетиши да мүмкүн. Сюжетти улантып жазуу ыкмасы: мисалы, "Толубай сынчы" поэмасы бүткөндөн кийин балдар ал каармандардын кийинки тагдырларын ойдон чыгарып жазат. Сюжетти бүгүнкү күнгө алып келүү ыкмасы: мында окуучулар Азиз хан менен Толубай сынчы окуясын азыркы учурга алып келет, байыркы жомок баланын азыркы көрүп-билгендери менен толукталат. Азыркы каармандар менен байыркы каармандар аралашат, жылкы тандоо, балким машина тандоо аркылуу, айтор, сынчы-саяпкер бөлөк өнөрлүү кишиге ассоциацияланат. Башка чыгармалардын сюжеттерин аралаштыруу технологиясы: мында окуучулар "Толубай сынчы" поэмасына мурда окуган же мугалимдин атайын тапшырмасы менен сунуш кылынган чыгармалардын сюжетин, айрым каармандарын кошуп чыгат. Мисалы, А.Токомбаевдин "Жетим менен сыйкырчы" жомогунун сюжетин аралаштыруу тапшырмасы берилиши мүмкүн ж.б.

Биздин илимий иштин жыйынтыгы боюнча, А.Осмоновдун "Толубай сынчы" поэмасы окуучуларга төмөнкүдөй жактары менен таасир этүүгө тийиш: элдик чыгарманын акын тарабынан иштелиш чеберчилиги; А.Осмоновдун поэзиясындагы өзгөчөлүк; өнөр адамынын

өлбөстүгү; бийлик жана жөнөкөйлүк; адам мүнөздөрүнүн татаалдыгы, алардын карама-каршылыгы ж.б.

Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасын окутууда окуучулардын патриоттук сезимдерин өстүрүүгө өзгөчө маани берилери айтылат. "Чептен эрдин күчү бек" поэмасын окутуунун технологиялары көп жагынан "Толубай сынчыны" үйрөнүүнүн амалдарына жакындашат. Себеби экөө тең элдик уламыштарга негизделип жазылган, экөөндө тең элдик идеялар жакшы чагылдырылган, экөөндө тең сюжеттүү, эпикалык баяндоолор бар, ошондуктан окуучулардын кабыл алуусуна ылайыктуу.

Текстти талдоодо окуучулар менен "кызматташып" аны бир нече эпизодго бөлүп, ар бир эпизодго өзүнчө ат коюп, ошолорго жараша жекече суроо-тапшырмалар ж.б. методикалык аппараттарды уюштуруу окуучулардын кабыл алуусуна бир кыйла оңтойлуу. Эпизодго бөлүп талдоо, биринчиден, көркөм материалдагы эпизоддордун көп түрдүүлүгүнүн биримдигин түшүнүүгө, экинчиден, аларды анализ-синтез кылуу көндүмдөрүнө, үчүнчүдөн, чыгармага жалпылап баа берүү ишмердүүлүгүнө ээ кылат.

Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» чыгармасынын идеялык-тематикалык негизин, көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн окуучуларга жеткирүүдө биздин методика боюнча сабак төмөнкүдөй үч бурчтук кызматташтыгына негизделди: окуучу - мугалим - окуу китеби: а) ар бир бөлүк боюнча окуучулардын текстти көркөм окуп берүүсү; б) окуучулар поэманын сюжетин ар бир бөлүк боюнча кыскача айтып бериши; в) бөлүктөрдүн байланышын түзүү; г) бөлүктөр боюнча окуучуларды ой жүгүртүүгө тартуу. Мына ушундай ой жүгүртүүлөрдү ар бир бөлүк боюнча оозеки жана жазуу формасында жүргүзүү да натыйжалуу ыкмалардан: д) поэманын материалдарына негиздеп энелер тууралуу ода, дилбаян жазуу; ж) поэманын сюжетин инценировкалоо; з) «Энелердин жүрөгү» поэмасынын көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн, жалпы эле поэтикасын талдоо. Аталган поэманы жогоркудай окуу аркылуу талдоо 5-класстын окуучулары элдик салттагы эне тууралуу эстетикалык-адептик ыйык идеалдар менен таанышат жана өздөрүнүн энелерге карата мамилесин ошол улуттук идеалдарга карап түзөөгө аракет жасайт.

Диссертацияда кыргыз элинин өткөн турмушу жана согуш темасындагы поэмаларды үйрөтүүнүн актуалдуу проблемалары чечмеленген. Адегенде үркүн темасындагы поэмаларды (Ы.Шайбеков «Кайран эл», А.Токтомушев «Какшаалдан кат») окутуунун педагогикалык-дидактикалык негиздери жана ал аркылуу окуучулардын тарыхый окуялар тууралуу түшүнүгүн тереңдетүү проблемасына багытталган. Ал үчүн мугалим окуучуларды ойлонтууга тийиш. Ойлонтууда төмөнкүдөй ыкмалар активдүү колдонулат: көтөрүлүштүн катышуучуларынын эскерүүлөрүн үн кубултуп, жарыя окуу; тарыхчылардын маалыматтарын мугалимдин жана окуучулардын көркөм окуп бериши; эмоционалдуу таасир эте тургандай деңгээлде көркөм окуу; окуучулар үчүн түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин чечмелөө; ыр жаттоо, жаттаган ырларды окуучуларга эркин айтып берүү; "Какшаалдан кат", "Кайран эл" поэмасын обонго салып, дастан формасында комуздун коштоосунда аткаруу жана ошондой аткаруучулардын чыгармаларын угуу; Чүй, Нарын, Ысыккөл областтарындагы окуучуларды үркүн окуясына байланыштуу крайтаануу саякаттарына алып чыгуу (көтөрүлүш башталган Сокулуктун Асылбаш айлына, Боомдогу, Бишкектеги эстелик ордуна ж.б.).

Булардан соң Молдо Кылычтын поэмаларын («Буудайык», «Чүй баяны») окутуудагы ыкмалар жана жолдор, согуш темасындагы поэмаларды (Т.Үметалиев «Кубат», М.Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт») үйрөтүүнүн адабий-турмуштук, психологиялык-педагогикалык негиздери айтылып, адабияттык окуу сабактарында жогорудагы чыгармаларды окутуу боюнча топтолгон тажрыйбалар жана жаңы ыкмалар жалпылаштырылат.

Жалпысынан алып караганда, бул бөлүмдөгү чыгармалар кыргыз элинин жүз элүү жылдай мезгилиндеги тарыхый окуяларды ичине камтыйт. Анда негизинен үч трагедиялуу окуя - XIX кылымдын орто ченинен ооп орус оторчуларынын кыргыздардын арасына келе башташы,1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылы жана 1941-45-жылдардагы Улуу Ата мекендик согуш көйгөйү өзөк катары каралды. Окутуу процессинде ошон үчүн эл тарыхын ачып берүү, андагы инсан образын көрсөтүү башкы милдет болду. Бул чыгармаларды окутууда мугалимдин көркөм материалдар менен тарыхый эмгектердин ортосундагы гармониясын табуусу - сабактын майнаптуу болуусунун шарты.

Мектеп практикасындагы эң бир оор проблема - мугалимдердин адабий чыгармага тексттик талдоо жүргүзүүгө анчалык маани бербегендиги. Албетте, мунун ар кандай себептери бар, бирок

ошолордун ичинен эң башкы себеби - мугалимдердин текстти талдоо жүргүзүү ишмердүүлүгүн жакшы өздөштүрбөгөндүгү. Андыктан биз жогорудагы бөлүмдө бир катар чыгармаларды окутуу учурунда текстти кандай талдоонун жагдайларын көрсөтүп бердик. Биз аларды ар бир мугалимге таңуулабайбыз. Бирок, көркөм текстти талдоо ыкмасын канчалык обүективдүү тандалып алынса, анда үйрөтүү жараяны ошончолук майнаптуу өтүп, коюлган адабий-методикалык маселе толугу менен чечилет. Демек, текстти талдоонун ыкмаларын туура тандоо өзөктүү проблемалардын бири десек болот. Бул бөлүм практикалык иштерге өзгөчө басым жасалгандыгы менен, ар бир чыгарманы окутуу учурундагы конкреттүү жагдайларды көрсөтүп бергендиги аркылуу мурдагы бөлүмдөрдөн өзгөчөлөнөт.

Эмгекте педагогикалык эксперименттерди уюштуруу жана анын жыйынтыктары көрсөтүлдү. Биздин илимий жалпылоолорубузга мектептерде уюштурулган эксперименттик жумуштар пайдубал болду. Эксперимент боюнча Ноокен районунан 240, Алабука районунан 186, Өзгөн районунан 140, Жалалабат шаарынан 250, Сузак районунан 120 окуучу менен иш жүргүзүлдү. Мында поэмаларга өз алдынча анализ берүү ишмердүүлүгүнө басым жасалып, негизги критерий катары окуучулардын поэманын сюжетин (эпикалык поэмаларда), идеясын, темасын канчалык түшүнгөндүгү, каармандарга талдоо бере алышы, акындардын лексикалык сөз байлыктарын өздөштүрө алуусу, жалпы чыгарма боюнча жеке көз карашын билдириши, адабий-теориялык талдоо жүргүзүүсү эске алынды. Бул боюнча окуучулар жалпысынан төрт деңгээлге ажыратылды.

1-таблица

**Окуучулардын өз алдынча анализ берүү деңгээли**

*поэмаларынын идеялык-эстетикалык салмагын окуучулардын кабыл алуу деңгээли*

| Мектептер | | Деңгээлдер | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Топтор | | биринчи | экинчи | үчүнчү | төртүнчү |
| Ноокен району (240 окуучу) | I конт.<br>II эксп. | 28% | 26%<br>54% | 28%<br>16% | 46%<br>2% |
| Алабука району (240 окуучу) | I конт.<br>II эксп. | 4%<br>26% | 26%<br>37% | 36%<br>28% | 34%<br>9% |
| Өзгөн району (140 окуучу) | I конт.<br>II эксп. | 6%<br>23% | 31%<br>47% | 24%<br>21% | 39%<br>9% |
| Жалалабат шаары (250 окуучу) | I конт.<br>II эксп. | 8%<br>25% | 33%<br>46% | 38%<br>25% | 21%<br>4% |
| Сузак району (120 окуучу) | I конт.<br>II эксп. | -<br>21% | 27%<br>50% | 33%<br>30% | 40%<br>9% |

Жыйынтыгында, Ноокен районунда контролдук топтордо I деңгээл боюнча көрсөткүч нөлгө барабар болсо, эксперменталдык топтордо бул көрсөткүч 28%ти түздү, II деңгээл боюнча катыш 26% - 54%, III деңгээл боюнча 28% - 16%, IV деңгээлде 46% - 2% болуп отурду. Ушуга жакын көрсөткүчтөр башка чөлкөмдөрдөн да байкалды.

Жогорудагылардан улам өзгөчө белгилеп көрсөтө турган нерсе биз сунуш кылган методика менен окутуу сабактын натыйжалуулугун орточо 17-24%ге жогорулатууга мүмкүнчүлүк ачты. Демек, ыктуу табылган ыкмалар окуучулардын адабий-эстетикалык түшүнүгүн, таалим-тарбиясын жогорулатууда чоң мааниге ээ. Мисалы, көп жылдарга созулган тажрыйбада "Толубай сынчы" поэмасын контролдук топтордо окуп-үйрөнгөнгө чейин 210 окуучунун 26сы гана өз деңгээлинде кабыл алса, окуп үйрөнүлгөндөн кийин бул көрсөткүч ал топто 67 окуучуга жетти. Ал эми ушул эле чыгарманы 230 окуучу катышкан эксперименттик топтордо окуп-үйрөнгөнгө чейин 47 окуучу өз деңгээлинде кабыл алса, биздин методикалык сунуштар аркылуу

атайын максатта окутуудан өткөндөн кийин чыгарманын негизги баалуулугун 230 окуучудан 164 окуучу жогорку деңгээлде кармай алды. Окуучулардын оозеки жана жазуу жоопторун талдоо, дилбаяндарын текшерүү, поэмалардан жаттаган жерлерин айттыруу ыкмалары менен да эксперименттин майнаптуулугун аныктадык.

**2-таблица**

**Окуп үйрөнгөндөн кийинки деңгээл**

| Топтор | Окуучулардын саны | Окуп үйрөнүү мезгили | «Толубай сынчы» | «Чептен эрдин кучу бек» | «Эненин жүрөгү» | «Кайран эл» | «Какшаалдан кат» | «Буудайык» | «Чүй баяны» | «Кубат» | «Эстелик сүйлөйт» |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I контр. | 210 | **Үйрөнгөнгө чейин** | 26 | 31 | 22 | 25 | 27 | - | 16 | 37 | 8 |
| | | Үйрөнгөн-дөн кийин | 67 | 74 | 65 | 69 | 74 | 56 | 81 | 92 | 79 |
| I эксп. | 230 | **Үйрөнгөнгө чейин** | 47 | 52 | 61 | 49 | 56 | 24 | 39 | 44 | 41 |
| | | Үйрөнгөн-дөн кийин | 164 | 170 | 16 | 17 | 14 | 18 | 18 | 16 | 15 |
| II конт | 116 | **Үйрөнгөнгө чейин** | 14 | 16 | 12 | 6 | 8 | 2 | 10 | 18 | 19 |
| | | Үйрөнгөн-дүн кийин | 48 | 45 | 51 | 39 | 40 | 28 | 41 | 52 | 47 |
| II конт | 154 | **Үйрөнгөнгө чейин** | 26 | 31 | 28 | 25 | 18 | 19 | 24 | 22 | 17 |
| | | Үйрөнгөн-дөн кийин | 111 | 96 | 87 | 88 | 76 | 82 | 87 | 91 | 77 |



Жыйынтыктап айтканда, диссертацияда иштелип чыккан методика адабиятты окутууда натыйжалуу жана ортоңку класстар үчүн ылайыктуу экендигин педагогикалык эксперименттер айкындады.

**Жалпы жыйынтыктар жана сунуштар:**

1.1. Кыргыз адабиятын окутуу тарыхында поэмалар ар дайым өзгөчө орунда болуп келген. Бирок чыгармаларды окуу программасына киргизүүдө идеологиялык-таптык көз караштарга ылайык баалоо алдыңкы планда туруп келгендиктен алар улам өзгөрүп, олуттуу кыймыл-аракетте болуп турган. Кыргыз адабиятын окутуу тарыхында туруктуу орун ээлеп келе жаткан поэмалар дээрлик болгон эмес. Мунун өзү аларды окутууда системалуулуктун сакталышына терс таасирин тийгизген.

1.2. Адабияттык окуу курсунда кыргыз поэмалары көлөмүнө карай кээде толук берилсе, көпчүлүк учурда үзүндүлөрү гана сунуш кылынган. Ошондуктан окуу китептерине поэмалардан үзүндүлөрдү берүүдө дайым эле ылайыктуу бөлүмдөр тандала бербеген, ошол эле кезде тексттерди адаптациялоонун принциптери да эске алынбаган учурлар кездешкен.

1.3. Кыргыз поэмаларын окутууда, талдоодо алардын тектик, түрлүк, жанрдык, тематикалык жана автордун индивидуалдуу өзгөчөлүгүн эске алуу методисттин да, мугалимдин да биринчи кезектеги милдети экендигин белгиледик. Ошондуктан биз бул маселелерди окуу программаларын, окуу китептерин, окутуу методикасын түзүүчүлөр жана мектеп мугалимдери жетекчиликке алуусу кажет деп эсептейбиз.

2.1. Поэмаларды окутууда салттуу усулдар жана мугалимдин бир жактуу ыкмалары азыркы окуучуну канааттандырбай калды. Ошондуктан сабакта учурдагы дүйнөлүк стандарттагы интерактивдүү технологияларды колдонууга аракет кылуу учурдун башкы талабы экендигин илимий эксперименттик жактан далилдедик.

2.2. Кыргыз элинин өткөн тарыхый учурларына кайрылган поэмалар адабиятыбызда өтө көп экендигин белгилөө аркылуу алардын окуу программасынан орун алышын максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Бул чыгармаларды окутууда предмет аралык (тарых, тил ж.б.) байланышта үйрөтүүнүн мазмундарын жана ыкмаларын колдонуунун актуалдуулугун белгилейбиз.

2.3. Поэмаларды окууда көркөм окуу, текстти комментарийлөө, сөздөрдүн маанилерин лексикалык жактан талдоо, стилистикалык эксперимент, лирикалык жана эпикалык образдарга анализ берүү, каармандарды азыркы учур менен салыштыруу, тексттин айланасынан окуучуларды талаш-тартышка чакыруу, ыр түзүлүштөрүн үйрөнүү, чыгарманын негизинде сүрөт тартуу натыйжалуу ыкмалар экендигин айтуу менен, мына ошолорду ар бир мугалим өз сабагында чыгармачылык менен өркүндөтүп кетиши зарыл деп эсептейбиз.

2.4. Азыркы адабияттык окуу сабагында окутулуп жаткан поэмалардын бир тобу үзүндү түрүндө гана берилгендиктен, анын тексти менен өз алдынча таанышууга жетишүү үчүн окуучунун чыгармага болгон кызыгуусун ойготуу адабият мугалиминин башкы милдеттеринин бири деп эсептейбиз.

2.5. Кыргыз поэмаларын окутууда адабият теориясынан ар тараптуу маалыматтарга таянуу, дилбаяндардын ар кандай түрлөрүн практикалоо сабактын натыйжалуулугун көтөрүүгө жардам берерине ынандык.

3. Кыргыз поэмаларын окутуу боюнча ортоңку класстардын абалы жалпылануу менен биз бул багыттагы келечекте аткарылуучу бир топ иштерди көрсөтүү милдетин алдык. Алар:

- бул класстарда окуу программаларын, окуу китептерин түзүүчүлөр биздин изилдөөдө көрсөтүлгөн кемчиликтерди, сунуштарды эске алат деп ойлойбуз;
- кыргыз поэмаларынын көпчүлүгү толук түрдө мурда чыккан жана алардын айрымдарын азыр мектеп китепканаларынан табуу кыйын болуп калды, ошондуктан аларды топтоштуруп, адаптациялап, мектеп окуучулары үчүн поэмалардын атайын хрестоматия жыйнагын түзүүнү зарыл деп белгилейбиз;
- поэмаларды атайын адабият таануу аспектисинен талдаган жана адабий сын багытындагы анализдеген материалдарды топтоп, жыйнак түрүндө чыгаруу кечиктирилгис милдеттер экендигин көрсөтө кетебиз;
- поэмаларды окутуу боюнча илимий-методикалык жыйнактар, усулдук колдонмолор, мугалимдердин иш тажрыйбаларын жалпылаган эмгектер өтө керек деп эсептейбиз.

4. Биз бул эмгегибизде ортоңку класстарда поэмаларды окутуу маселесине токтолдук жана анын актуалдуу маселесин гана изилдөөгө алдык. Бул проблеманы кайра тереңдетүү үчүн, поэмаларды жогорку класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу, ар бир тематикадагы поэмаларды же жеке бир поэманы окутуу проблемасын илимий жактан изилдөө окутуудагы окуучулардын байланыштуу речин өстүрүү, текстти талдоо, окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн тереңдетип окутуу аркылуу балдарды адеп-ахлактык, эстетикалык, гуманисттик жактан тарбиялоо маселелери келечектеги адистер тарабынан ишке ашат деген ойдобуз.

5. Эмгектин корутундуларын мектеп мугалимдери өз практикасында колдонуу менен ага айрым түзөтүүлөр, дагы алымча-кошумчалар киргизери шексиз. Иш окутуу процессинин мазмунун жана формасын өркүндөтүүгө көмөктөшөт.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкүдөй эмгектерде чагылдырылды:**


1. «Мектепте адабияттык окуу курсунда поэмаларды окутуу» (V-VII класстар). Окуу-усулдук колдонмо. — Жалалабат, Облбасмакана, 2003. — 94 б.
2. «Бүгүн кыргыз адабиятын кантип окутуу керек?» (А.Токурова менен авторлош). Окуу-усулдук колдонмо. — Жалалабат, Облбасмакана, 2003. — 62 б.
3. «"Толубай сынчы" жана "Чептен эрдин күчү бек" поэмаларын окутуу». —Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. К.Тыныстановдун 100 жылдыгына арналат. Серия 1. 3—4-чыгарылышы. — Бишкек. - 2002. — 270—273-б.
4. «А.Токтомушевдин "Какшаалдан кат" поэмасын окутуу». — Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. К.Тыныстановдун 100 жылдыгына арналат. Серия 1. 3-4-чыгарылышы. —Бишкек. 2002. — 287—290-б.
5. «Т.Үметалиевдин "Кубат" поэмасын окутуу». —Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. К.Тыныстановдун 100 жылдыгына арналат. — Бишкек, 2002. — 294—296-б.
6. «Адабияттык окуу курсунда поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери». // Эл агартуу, 2002, №3—4. — 77—80-б.
7. «Поэмалардын көркөм сөз каражаттарын, ыр курулушун 5—7-класстарды үйрөтүү». —Жалалабат мамлекеттик университетинин

Жарчысы. Гуманитардык жана коомдук илимдер. 2002, №3. — 62—66-б.

8. «М.Абылкасымованын “Эстелик сүйлөйт” поэмасын окутуу». — К.К.Сартбаев — окумуштуу жана педагог. — Бишкек, КМУУ, 2002. — 320—328-б.

9. «Молдо Кылычтын “Чүй баяны” поэмасын окутуу». —К.К.Сартбаев - окумуштуу жана педагог. —Бишкек, 2002. —325—328-б.

10.«Поэмалардагы турмуш чындыгынын чагылдырылышы». // Эл агартуу, 2003, №1—2. —8—16-б.

11.«Элдик поэмалардагы элдик педагогика сабактары». — Бишкек, КУУ, 2003. —152—156-б.

12.«“Кубат” жана “Эстелик сүйлөйт” поэмаларынын сюжеттик мотивдерин, өзгөчөлүгүн үйрөтүү». — Бишкек, КУУ, 2003. —56—160-б.

13.«Молдо Кылычтын адабий чыгармалары көркөм адабий сында». — ОшМУнун Жарчысы, 2003. —196—198-б.

14.«Ж.Садыковдун “Эненин жүрөгү” чыгармасын окутуу усулдары». — Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Мамлекеттик тилдин 15 жылдыгына карата. Гуманитардык илимдер. Серия 1, чыгар. 4. 2004. —170—174-б.

15.«М.Абылкасымованын “Эстелик сүйлөйт” поэмасын окутуунун ыкмалары». —Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Мамлекеттик тилдин 15 жылдыгына карата. Гуманитардык илимдер. Серия 1, чыгар. 4. 2004. —167—167-б.

16.«Адабият сабагында студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү» (А.Токтомушевдин “Какшаалдан кат” поэмасынын мисалында). — Жалалабат мамлекеттик университетинин Жарчысы. Гуманитардык жана коомдук илимдер. 2004, №1. —52—56-б.



**Ж.А.Эшиевдин 13.00.02 - окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча “Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери (V—VII класстардын мисалында)” аттуу диссертациялык ишинин**

# Р Е З Ю М Е С И

**Түйүндүү сөздөр:** адабияттын тектери, түрлөрү, жанрлары; жанрлар боюнча окутуунун спецификасы; поэмалардын тематикасы; поэмалардагы сюжет; мазмун жана форма бирдиги; көркөм табит; окутуу технологиялары; интерактивдүү методдор; адабий-көркөм чыгармачылык; адабий билим берүүдөгү салттуулук жана жаңычылык; окурмандык кызыгуу; автор жана каарман; образдар топтому; образдуулук.

**Изилдөөнүн объектиси:** Адабият сабагында поэмаларды окутуу.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз мектептеринде поэма жанрындагы чыгармаларды окутуунун системасын илимий-методикалык жактан негиздөө, аларды мектепте пайдалануунун натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдети:** V—VII класстарда поэмаларды окутуунун тарыхын, учурдагы абалын жана келечек багыттарын аныктоо; тема боюнча философия, эстетика, адабият таануу, лингвистика, методика багытындагы изилдөөлөрдү талдоо жана аларды илимий иште колдонуу; проблема боюнча мектеп практикасында учураган кемчилдиктердин себептерин үйрөнүү аркылуу аларды жоюунун амалдарын табуу; адабияттык окуу сабагында поэмаларды окутуунун натыйжалуу мазмундарын, ыңгайлуу методдорун, ыкмаларын жана системасын сунуш этүү; айтылган ой корутундуларды аныктоо үчүн илимий-педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык эмгектерге анализ жүргүзүү; мугалимдердин сабактарына талдоо берүү; окуучулардын жазуу жумуштарын, оозеки жоопторун анализдөө; окуучуларга, анкета таратуу, педагогикалык экспериментти уюштуруу жана өткөрүү.

**Алынган илимий натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** Диссертацияда эң алгачкы жолу V—VII класстарда поэма жанрындагы чыгармалардын окуу программаларындагы жана окуу китептериндеги орду, ролу диахрондуу иликтөөгө алынды жана өркүндөтүүнүн жолдору далилденди; биринчи жолу адабияттык окуу курсунда поэмаларды окутуунун илимий жана теориялык негиздери иштелип чыкты; поэма жанрындагы чыгармаларды мектепте үйрөтүүнүн синхрондуу адабий жана педагогикалык проблемалары системага салынды.

**Пайдалануу үчүн сунуштар:** Биз сунуш кылган пикирлер адабият боюнча окуу программаларын, окуу китептерин түзүүчүлөргө, методикалык иштелмелерди жазуучу авторлорго карата айтылган ойлор болуп, аны кыргыз адабияты мугалимдери практикалык иштеринде пайдаланышы мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

## на диссертационное исследование Эшиева Жаркула «Научно-методические основы изучения поэм в школе (на примере V—VII классов) по специальности 13.00.02 — теория и методика обучения (кыргызская литература).

**Ключевые слова**: литературные тексты, виды, жанры; специфика преподавания по жанровому делению; тематика поэм; сюжеты поэм; единство формы и содержания; художественный вкус; технология обучения; интерактивные методы; литературно-художественное творчество; новое и традиционное в литературном образовании; читательский интерес; автор и герой; образная структура; образность.

**Объект исследования** : процесс изучения поэм на уроках литературы.

**Цель исследования** Разработка научно-методических принципов и определение наиболее результативных путей и способов преподавания произведений, относяңихся к жанру поэмы, в кыргызских школах.

**Задачи исследования:** Изучить историю, современное состояние и перспективные направления преподавания поэм в 5—7 классах кыргызских школ; анализ научной литературы по теме исследования в области философии, эстетики, литературоведения, лингвистики и методики преподавания; выявление недостатков школьной практики преподавания обүекта исследования и нахождение эффективных методов их усранения; предложить наиболее результативные методы и способы преподавания поэм на уроках литературы; проведение научно-педагогического эксперимента для обоснования методов и выводов исследования.

**Методы исследования:** анализ теоретических исследований; анализ уроков учителей литературы; анализ письменных и устных ответов учаңихся; анкетирование учаңихся, организация и проведение педагогического эксперимента.

**Научные результаты исследования и их новизна**: в диссертации впервые с точки зрения диахронии исследуется место жанра поэмы в учебных программах и учебных пособиях по литературе для 5—7 классов; впервые произведена научно-методическая разработка и систематизация научных принципов преподавания поэм в школьном курсе литературы; выявлены ключевые проблемы и специфика преподавания жанра поэмы в кыргызской школе; в качестве методической помоңи учителю приведены примеры литературного анализа отдельных произведений; обобңен и проанализирован современный опыт преподавания конкретных поэм.

**Сфера применения научных результатов:** Результаты и выводы исследования могут быть использованы в практической работе учителей литературы. Они могут быть использованы также при составлении методических разработок, учебных программ и учебных пособий по школьному курсу кыргызской литературы.



# RESUME

Research resume for Eshieva Jarkul, on theme: "Scientific and methodological forms of teaching poems at school ($5\text{-}7^{th}$ forms).

Specialty: 13.00.02- theory and teaching methodology (Kyrgyz literature).

**Key terms:** literary texts, kinds, genres; teaching specificity on genre division; poems subject, poems plot, unity of forms and contents; artistic style; learning technology; interactive methods; literal and artistic creative work; new and traditional in literal education; reader's interest; author and hero; graphic structure; figurativeness.

Subject of research: teaching process of poems at literature lesson

Purpose of research: to work out scientific and methodological principles and define the most effective ways and methods of teaching literal works relating to genre poem in Kyrgyz-instructed schools.

**Task of research:** to study history, current status and prospective direction of teaching poems in the 5-7 forms of Kyrgyz-instructed schools; to offer the most effective ways and methods of teaching poems at literature lessons; to do research and experiments for making research conclusions.

**Methods of research:** theoretical research analysis; literature class observation; students writing and oral answers analysis; students' questionnaire; arrangement and conduct of experiments.

**Research results and their novelty:** The role of poems genre in literature involved in curriculum and training aids for $5\text{-}7^{th}$ forms of secondary schools have been researched in the dissertation for the first time on the diachrony level; it is also the very first work which considers scientific and methodological development and systematization of scientific principles of teaching poems included in the school literature courses; key problems and specific ways of teaching poems genre at Kyrgyz schools are identified; along with above mentioned the dissertation considers examples from literal analysis of individual works for teachers as a methodological aid; modern teaching experience of definite poems have been generalized and analyzed in the present work.

**Application fields of the scientific results:** Results and conclusions of the research can be used in the work of the teachers of Literature. They can also be used for making methodological aids, curriculum and training aids on Kyrgyz literature.